Аллах кимге жакшылыкты кааласа, аны динде илимдүү кылат

Муавия (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум: "Аллах кимге жакшылыкты кааласа, аны динде илимдүү кылат. Чынында мен бөлүштүрүүчүмүн, Аллах берүүчү. Бул үммөт Аллахтын динин бекем кармаса, кыямат болгонго чейин аларга каршы чыккандар зыянын тийгизе албайт".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала жакшылыкты каалаган пендесине Өзүнүн динине болгон туура түшүнүк берип коёт. Ал эми ал өзү (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала берген ырыскыны, илимди ж.б. бөлүштүрөт жана таратат. Чыныгы берүүчү - Аллах Таала. Башкалардын баары себеп, Аллахтын каалоосу менен гана пайда бере алат. Бул үммөт Аллахтын динин бек кармап, Анын буйруктарын так аткарып жүрсө, кыямат болгонго чейин аларга каршы чыккандардын зыяны аларга тийбейт.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5518